УДК 971.1/ 9.(575.2)
*DOI 10.33514/1694-7851-2019-3-18-20*

***Сагынова Гульнара Зарылдыковна***
*аспирант кафедры Истории Кыргызстана и этнологии КМУ им.И.Арабаева*

# ТОҢ АЙМАГЫНДА ЖАШАГАН КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТУУ ДҮЙНӨ ТААНЫМЫНДАГЫ ЭСЕПЧИЛИК СИСТЕМАСЫ (2019-ЖЫЛЫ ТАЛААДА ЧОГУЛТУЛГАН ЭТНОГРАФИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРДЫН НЕГИЗИНДЕ)

# СЧЕТНАЯ СИСТЕМА В ТРАДИЦИОННОМ МИРОВОЗЗРЕНИИ КЫРГЫЗОВ ТОНСКОГО РЕГИОНА (НА ОСНОВЕ ПОЛЕВЫХ ЭТНОГРАФИЧЕСКИХ МАТЕРИАЛОВ, СОБРАННЫЕ В 2019 ГОДУ)

# COUNTING SYSTEM IN THE TRADITIONAL WORLDVIEW OF THE KYRGYZ OF THE TON REGION (BASED ON FIELD ETHNOGRAPHIC MATERIALS COLLECTED IN 2019)

**Аннотация:** Бул макалада 2019-жылы Тоң аймагында чогултулган талаа этнографиялык маалыматтарынын негизинде ушул аймакта жашаган кыргыздардын салттуу дүйнө таанымындагы эсепчилик системасына (ыкмасына) тиешелүү маалыматтар этнографиялык багытта талкууга алынды. Макаланынын негизги мазмууну изилденилген кыштактарда салттуу коомдо өкүм сүргөн бештик эсептөө, үчтүк эсептөө системаларына өзгөчө көңүл бурулду.

**Аннотация:** В данной статье на основе собранных полевых этнографических материалов в Тонском регионе в 2019 году анализируются материалы, связанные к счетной системе традиционного мировоззрения кыргызов. В статье основное внимание уделяется к «бештик эсептөө», «үчтүк эсептөө» в традиционном мировоззрении тонских кыргызов.

**Annatation:** In this articles is about analysis based on the collected field ethnographic materials in the Ton region in 2019, materials releated to the counting system of the traditional worlview of the the Kyrgyz people. The article focuses on “Beshtik eseptoo”, Uchtuk eseptoo”,in the traditional worlview of the Ton region of Kyrgyz Republic.

**Түйүндүү сөздөр:** дүйнө тааным, салттуу билим, эсепчилик система (ыкма), бештик эсептөө системасы, үчтүк эсептөө системасы.

**Ключевые слова:** мировоззрение, традиционное знание, счетная система, бештик эсептөө системасы, үчтүк эсептөө системасы.

**Keywords:** worldview, traditional knowledge, counting system, beshtik eseptoo systems, counting for uchtuk eseptoo systems.

2019-жылдын июнь айында Ысык-Көл аймагында жашаган кыргыздардын салттуу коомдогу дүйнө таануу эс тутумун изилдөө максатында ушул эле аймактын Тоң өрөөнүндө жайгашкан Оттук, Кара-Шаар, Тогуз-Булак, Бөкөнбаев, Тоң кыштактарында талаа этнографиялык материалдарын топтодум. Талаа этнографиялык материалдарын топтоодо маалымат берүүчү респонденттердин (маалымат берүүчү кыштактарда жашаган адамдардын) жашына жана социалдык абалына өзгөчө көңүл бурулду. Ушул себептен, изилденилген кыштактарда биздин алдыбызда коюлган көйгөйлөрдү ачып берүү

максатында жашы сексенден өтүп улгайып бара жаткан аксакалдар жана байбичелер менен суроо-жооп маалыматтарын алууга туура келди.

Баарыбызга белгилүү болгондой салттуу кыргыз дүйнө таанымы эки багытта – табыгый тааным багытында жана илимий тааным багытында изилденилет. Окумуштуулардын далилдөөлөрүнө караганда салттуу коомдо мамлекет курган элдердин баарысына убакыт ченөө, жашоо-турмуштагы жана чарбачылыктагы эсептөө системасы жана алфавиттен турган үчилтик системасы тиешелүү болгон [6:41]. Биздин негизги максат Тоң аймагында жашаган кыргыздардын салттуу дүйнө таанымындагы эсепчилик системасына (ыкмасына) тиешелүү табыгый маалыматтарды этнографиялык багытта илимий талдоого алуу болуп саналат.

Тоң аймагында жашаган кыргыздардын салттуу коомдогу дүйнө таанымындагы эсепчилик ыкмасына тиешелүү маалыматтар жетишээрлик деңгээлде топтолду. Топтолунган этнографиялык маалыматтарды илимий талдоого алууда ошол мезгилдеги (XIX – XX кылымдын башы) Тоң аймагында жашаган кыргыздардын ааламга, мейкиндикке, жаратылыш кубулуштарына, чарбачылыгына, диний көз караштарына ылайык төмөндөгүдөй багыттар белгиленди: аалам же мейкиндик кубулуштарын эсептөөчү математикалык биримдиктер, жаратылыштагы өзгөрүүлөрдү эсептөөчү биримдиктер, жыл, ай, күн санагын эсептөөчү убакыт биримдиктери, чарбачылыкта жана жашоо-турмушта колдонулуучу эсептегич биримдиктери, диний ишенимдер боюнча жүргүзүүлүчү эсептегич биримдиктери.

Аймактын Оттук, Кара-Шаар жана Тогуз-Булак кыштактарында топтолунган этнографиялык баяндамаларга караганда [1:8,13,34; 2:6,18,31] эсепчилик ыкмасында бештик эсептөө системасы негизги орунду ээлеген. Карыя аксакалдардын белгилөөлөрүнө караганда турмушта өкүм сүргөн ар бир нерсе, буюм, кубулуш жана башка жүрүмдөр бүтүнү менен толук касиетинде каралат. Жашоодо өкүм сүргөн күн, жер, жараткан, адам, акыл-эс бир бүтүмдүк комплексте каралып, алар «беш» саны менен туюнтулган [1:9,32; 2:5,19,31; 3:8,34; 4:11,27; 5:13,38]. Алар элге курчап турган чөйрөдөгү, мейкиндиктеги, ааламдагы кубулуштарды таануу аркылуу келген.

Изилденилген кыштактарда улгайып калган информаторлордун белгилөөлөрүнө караганда эсептөө ыкмасында «учу» деген түшүнүк же термин көбүрөөк кубулуштарды эсептөөдө колдонулган. Мисалы, адамдын учу – беш (баш, эки кол, эки бут), колдун учу – беш (беш манжа). Демек, «учу» деген түшүнүк «беш» деген санды жаратуучу илимий категория катары колдонулган. Чындыгында, биздин аймакта салттуу турмушта түрдүү жаратылыш жана коомдук кубулуштарды же өзгөрүүлөрдү саноодо «беш» саны «бирдин учу» деген аталышта көбүрөөк пайданылган. Мындай салттуу эсептелиш саны төмөндөгүдөй ыкмада жүргүзүлгөн – аталышка чейин айтылган сан бешке көбөйтүлүп, аталыштан кийин айтылган сан ага кошулуп жазылган. Салттуу эсептөөнүн мындай ыкмасы тууралуу жыйынтык Б.Жумабаевдин эмгегинде [6:43-47] абдан ачык формула түрүндө тастыкталып көргөзүлгөн.

Аймактын Тогуз-Булак жана Бөкөнбаев кыштактарында чогултулган этнографиялык маалыматтарга караганда XIX кылымдын экинчи жарымында кубулуштарды эсептөөнүн үчтүк системасы өкүм сүргөндүгү байкалат. Тогуз –Булак кыштагынын 91 жаштагы тургуну Бейшеев Абдыманаптын билдиргенине караганда «салттуу коомдо биздин аймакта жашаган саяк уруусунун түрдүү уруктары жашоо-турмушунда кубулуштарды эсептөөнүн үчтүк системасын колдонушкан» [3:14]. Мындай системада бештик эсептөө системасына караганда 1, 4, 13, 40, 121, 364 сандары жалаң 1 белгиси менен туюнтулган, себеби алар

адамдын курактык курамына бөлүштүрүлгөн. Мисалы, адамдын 1 жаштан 10 жашка чейинки мезгили биринчи куруктын бөлүгүнө кирсе, 11 жаштан 110 жашка чейинки бөлүгү экинчи курактын курамына кирген. Адамдын курактык жаштарын эсептөөдө үчтүк системасы маанилүү орунду ээлеген. Эгерде адамдын жашоосундагы төп сандарды курак жаштардын сандары деп эсептесек, аларды алуунун санга көбөйтүү эрежеси иштелип чыккан. Нөлдү үчкө көбөйтүп бирди кошсок, бирди алабыз. Мындай жаш биринчи курак деп аталат. Себеби, баланын төрөлөрдөгү тогуз ай курсактагы жашы, курсактагы калыптанышы деп аталган. Башкача айтканда, жарык көрө элек баланын жашы нөлгө көбөйтүлүп чыгарылган. Ал эми калган жаштарды эсептөөдө, алынган санды үчкө көбөйтүп, ага бирди кошуу жолу менен алынган. Бирди үчкө көбөйтүп, бирди кошсок экинчи курак жашты алабыз. Ал төрткө барабар. Төрттү үчкө көбөйтүп, бирди кошсок үчүнчү курак жашты алабыз, ал он үчкө барабар. Аны үчкө көбөйтүп, бирди кошсок, төртүнчү курак жашты алабыз. Ал кыркка барабар [6:50]. Баяндамачылардын белгилөөлөрүнө караганда, биздин аймакта 1, 4, 13, 40, 121 катар сандары касиеттүү, сырдуу сандардын курамына кирген. Чындыгында, мындай сандарды жергиликтүү кыргыздар олуясы бар, сындуу сан катары кабыл алышкан [1:26, 38; 2:14, 28,39; 3:14,34; 4:8,17,41; 4:10,21,37; 5:7,29].

Үчтүктөр системасынын негизинде адамдардын курактык, жаштык бөлүктөрү аныкталган: адамдын бир жашка чейинки курсактагы мөөнөтү *курсак жашы курагы* же *бой таштоо курагы* деп аталынган; бир жаштан төрт жашка чейинки мезгили *жеткинчек курагы* деп аталып, бул мезгилде адамдын сырттан маалымат кабыл алуу органдары жакшы иштеп, ошого жараша кыймыл-аракетке келүү, жооп кайтаруу мүмкүнчүлүктөрү түзүлгөн; төрт жаштан он үч жашка чейинки мезгили *балалык курамы* деп аталып, бул мөөнөттө адамдын турмушка, жаратылышка болгон мамилеси толугу менен калыптанып, иштөөчүлүк, ишмердүүлүк жөндөмдүүлүктөрү калыбына келген; он үч жаштан кырк жашка чейинки мезгили *жеткилең курак* деп аталып, адамдын аң-сезими, кылык-жоругу, чыгармачылыгы, иштөө жөндөмдүүлүгү толугу менен калыптанып, жеткилең иштерди аткарууга психологиялык жагынан даяр болгон.

Жогоруда талдоого алынган этнографиялык талаа материалдарынын негизинде Тоң аймагында жашаган кыргыздардын салттуу коомдогу дүйнө таанымынын ичинде орун алган эсептөө системасынын кээ бир багыттары чагылдырылды.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Автордун талаа дептери (мындан нары - АТД).-№1.-2019.-Оттук кыштагы.-40 б.
2. АТД.-№1.-2019.-Кара-Шаар кыштагы.-41 б.
3. АТД.-№2.-2019.-Тогуз-Булак кыштагы.-44 б.
4. АТД.-№2.-2019.-Бөкөнбаев кыштагы.-38 б.
5. АТД.-№3.-2019.-Тогуз-Булак кыштагы.-42 б.
6. Жумабаев Б. Кыргыз таануу.-Б.: Улуу тоолор,2018.-560 б.

**Рецензент: к.и.н., и.о. профессора КГУ им. И. Арабаева Омурбеков Ч.К.**